УДК 82-14

***Тажиева А. О.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***A. O. Tazhieva***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# ЭГЕМБЕРДИ ЭРМАТОВДУН ЛИРИКАСЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЛИРИКИ ЭГЕМБЕРДИ ЭРМАТОВА

# ARTISTIC FEATURES OF LYRIC EGEMBERDI ERMATOV

***Аннотация:*** *Макалада Э.Эрматовдун сүйүү темасындагы «Мейкиндикке сыйбаган көк желе», «Останкино, мен, адашкан от» жана «Ак Саткын менен Кулмырза» поэмаларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү туурасында сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *поэманын идеялык-тематикалык мазмуну; сюжеттик-композиция-лык көркөм өзгөчөлүктөрү;изденүү жолундагы жаңы стиль; жаңы форма; жаңыча мазмун жаратуу аракеттериндеги ийгиликтер.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются художественные особенности лирических поэм Э.Эрматова «Останкино, мен, адашкан от», «Мейкиндикке сыйбаган көк желе», и «Ак Саткын и Кулмырза».*

***Ключевые слова:*** *тематическое содержание поэмы; тематические и композиционные особенности; создания нового стиля;новые формы и новый смысл; неудачах и учпехах.*

***Annotation:*** *The article considers lyrical poems of the E. Ermatov «Meikindikke syibagan coc jele», «Ostankino, men, adashkan ot», «Ak Satkun menen Kulmyrza».*

***Key words****: thematic content of the poet; compositional features and creating a new style; new forms and new meanings; failures and successes.*

Э.Эрматовдун сүйүү темасындагы чыгармалары – өзүнчө туташ бир дүйнө, алар өзгөчө тагдырга туш болуудан жаралган, жашоо акыбетинин бир бүтүн көркөм элеси катары чагылышкан беренелер. Алар акындын түбөлүк тагдырына кирип, өмүр баянына өчпөс из калтырып, бирок акыбети кайтпай калган күчтүү сүйүүдөн жаралган, акындын өмүр бою бөпөлөп өтчү асыл идеялары, түбөлүк таркабас сагынычы, көңүл тереңинде жүрүп, ыр жаздырып турчу өзгөчө бир күч. «Сүйгөнүнө жолугуп калуу же аны эңсөө лирикалык каармандын биографиясы менен тагдырына улам жаңы издерди түшүрө берет, андай абалдар акындын ар кандай маанайын тарткан жаңы сапаттардын жаралашына себептүү болот. Ушинтип олтуруп, өзүнчө бир өмүрдүн шериктеш болуп келе жаткан көркөм дүйнөсү курулат. Муну кайталангыс каармандары,сюжети, окуясы, экспозициясы менен финалы бар махабат жөнүндөгү чакан повесть же лирикалык драма атаса да туура келет. Мындай маанай, мындай жагдайда жаралган ырлар тарыхта аз гана акындардын чыгармачылыгында учурары белгилүү» [1, 17] – деп, сынчы К.Даутов белгилегендей, акын Э.Эрматовдун махабат лирикасы да ушул мисалга тарткан акындардын сүйүү ырлары сыяктуу өзгөчө сапат, өзгөчө тагдырга эгедер. Бекеринен Э.Эрматовго кайрылып калемдеши Ч.Айтматов төмөндөгүдөй жазбаса керек: «Махабат кайрыктарыңы кун коюп жатып, Э.Межелайтистин сөзү менен айтканда, дүйнөдө эч бир акын сүйүүнү кайра жаралуу доорунун пайгамбар акыны Франческо Петраркадай көкөлөтө асманга чыгарып келиштире даңктай албаганын, андан калса, алп Вильям Шекспир да аны туурап, анысынан өзү уялып, эч кимге көрсөтпөй (өлгөндөн кийин таап алышкан экен), айтылуу сонеттерин жазып калтырганын эмнегедир эсиме түшүрө койдум....Сенин ошол аруу ак дүйнөң - анык, кооз, жалындаган от дүйнө! Соолубаган булактай болуп ага берүүчү кенч, түгөнбөгөн ашыктык азабындагы ырахаттуу ыр дүйнө! Улуу Петрарка Лаурасын даңаза салып шедевр сүйүү сонеттерин түбөлүккө жаратып кеткендей эле, сен да, Эгемберди, керемет, сыйкырдуу мөлтүр махабатты дагы да даңазалай бергенден кенедей да талыкпай турганыңа эми ишене берели» [2].

Акын махабатты поэзиянын түрдүү формаларына салып даңазалады, жүрөктөгү сүйүү кылдарын черткен назик лирикаларынан тарта поэмалык чыгармаларына чейин сүйүүнүн ыйык образын түзүүдө кыргыз поэзиясынын ажарын ача алды десек болот.

«Мейкиндикке сыйбаган көк желе» - акын Э.Эрматовдун чыгармачылык арсеналындагы алгачкы поэмасы. Чыгарма акындын 1979-жылы жарык көргөн «Ак дил» аттуу тунгуч ырлар жыйнагынан орун алып, ошол тушта эле көпчүлүк поэзия күйөрмандарынын көңүлүн бурган болчу. Поэманын идеялык-тематикалык мазмунунун, сюжеттик-композициялык көркөм өзгөчөлүктөрүн талдап караганда, ал 70-80-жалдар аралыгындагы кыргыз поэзиясынын жаңылануу, изденүү жолундагы жаңы стиль, жаңы форма, жаңыча мазмун жаратуу аракеттериндеги ийгиликтердин бири катары кароого болот. Поэма автордун эпикалык деңгээлге чыгуудагы алгачкы кадамы болсо да, «Ак дил» ырлар жыйнагынын ажарын ачып, жыйнактагы бүтүндөй поэтикалык концепцияны көркөм жыйынтыктап тургансыйт. Бул поэмасы өзүнчө үнү бар, өзгөчө пафоско ээ, дареметтүү дагы бир сүрөткер келе жаткандыгынан кабар берген.

Сүрөткердин кудурети, анын таланты ириде доордун ички мүнөзүн, табиятын даан туюп, аны сезим дүйнөсүндө иштеп чыгышында, аны таасирдүү тартып беришинде. Э.Эрматовдун «Мейкиндикке сыйбаган көк желе» поэмасы ички мазмуунунда акындын дил жаңырыгын туюндуруп, өзгөчө поэтикалык пафосу менен адам дилиндеги түпкү тереңдиктерге жол алат. Чыгармадагы поэтикалык мүнөзгө ширелишкен негизги өзгөчөлүктөрдүн бири-ушул, акындын чыныгы поэтикалык дарамети ушунда. Бул жерде улуу сынчы В. Белинскийдин төмөнкүдөй сөзүн келтирүү ылайыктуудай: «...Искусство дарексиз философияны, карандай акылдан туулган идеяны жанына жуутпайт; ал поэтикалык идеяны гана жактырат, поэтикалык идея дегенибиз силлогизм да, догма да эмес, эреже да эмес, ал жалындаган кумар, ал – пафос... Пафос акын коздукка, сүйкүмдүү жанга ашык болгондой, идеяга да ашык болот. Ошого жан-дили менен кумарланат, аны карандай акылы, баамы, сезими же өзүнүн жан дүйнөсүнүн кайсы бир кыры аркылуу эмес, өзүнүн нравалык турпатынын бүткүл болмушу, ажары менен жаратат, ошондуктан гана анын чыгармасындагы идея кургак ой да, жансыз формада эмес, кандайдыр сыйкырдуу идея жашаган жандуу ажайып формасы бар бүтүн зат» [3, 199]. Акын Э.Эрматовдун биз сөз козгомокчу болгон поэмаларындагы поэтикалык идеялар көркөм туундуулар экендигин белгилеп кетишибиз керек. Акын поэма жаратууда профессионалдык чектелүүлөрдүн алкагынан чыгып, өзүнчө жол менен, өзүнүн жаңы «материги» менен кеткендиги чыгарманын мазмундук, формалык талкуусунан көрүнүп турат. Чыгарма поэма-монолог тибинде жазылып, андагы лирикалык каарман чыгарманын сюжеттик тутумунда ай-аалам, бүткүл дүйнө менен жуурулушат да, терең психологизмдин чегинде өзүнүн «менин» ачат. Поэмада эпикалык жанрга тиешелүү болгон көркөм конфликт, кабатталган адам тагдырлары,оң, терс образдары жок. Дегинкиси, акындын талант-шыгына ылайык поэманын сюжети түйүндүү, кызыктуу түзүлгөн жана окурманга жакшы таасир этет. Поэманын борбордук идеясы сүйүү болгону менен автор айтмакчы болгон түрдүү ойлор бар. Чыгарма полифониялуу, ал лирикадагы эпика, эпикадагы лирика.

Чыгарманын «Мейкиндикке сыйбаган көк желе» аталышынын өзү эле поэтизациялоонун жаңы мейкиндигине чыгып, ойлоонун жаңы чектеринен кабар берип тургансыйт. Негизги тема кадимки эле жашоо, сүйүү, турмуш маселелери болсо да, ал бүгүнкү күндүн мүнөзү, ой-аракеттери менен актуалдашат, автор өз поэтикасынын обьектисине учурдун табигый гармониясын масштабдуу сыйдырып, теманы чечмелөөдө көркөм ой- жүгүртүүнүн башка арсеналын түзөт. Маселен, поэманын биринчи бөлүмүндө экспозиция катары берилген лирикалык каармандын монологу жөнөкөй эле баяндоо эмес, ал сюжеттик тутумда боло турган окуялардан психологиялык толгонуулар аркылуу берилген кабар:

Миң жолу каргыш шаарга,
Жолуктурган сени мага.
Мен мында эңсеп келгем түштө жөөлүп,
Көрүнүп жаман, жакшы адамдарга...
Эмичи,
Барат жүзү көөлөнүп,
«Билесиңби,
Эртең учуп кетем», - дедиң.
Сенин эртеңиң ааламды жарып ийди,

парасындай айланган тегирмендин
туруп алды шуулдак сайып мээни....[3, 48]

Мында лирикалык каармандын ички психолгиялык абалы, бар дүйнөсү ачыла баштайт, андан ары боло турган окуяга дилгир окурман чын дили менен ички туюмдарынын козголуулары аркылуу кирип барат. Чыгармадагы жалпы обьективдүү идея- жашоодогу ак сүйүүнү даңазалоо. Автор негизги идеяны ачууда көңүлдөгү көп нерселерди козгоп өтөт, каармандын реалдуу образын ачып, масштабдуу ой менен дүйнөнү чарк айлантып чыгат. Окуянын өнүгүүсү лирикалык каармандын терең лиризми менен коштолуп, ички кайрыктар динамикалуу чыгат. Анын сүйгөн кызы: «Кетем, сенин ырыңдан башка эч нерсең жок, ырыңды бир тыйынга бирөө албайт, малдуу, алдуу күйөөгө чыгып жакшы жашайм», - дейт. Жигит жалынат, «...турмуш оңолот, кетпе жалын сымал жаркырап жакшы жашайбыз.Той кылабыз ырдап-куунап, ал тойдо эсеби жок чыны сынаарын» айтып, кыялданат. Бирок бай, бардар жашоону эңсеген кыз кетип калат. Бул турмуштун ачуу чындыгын, канчалык оор болсо да, көтөрүүгө мажбур болгон жигит «ак жол, сага» деп, кала берет. Лирикалык каармандын психологиялык чыңалуусу «сүйүүдөн ченебестен ичип алып мас болуп, безгек оорусу кармаган» абал, терең психологизм менен сүрөттөлөт. Окурмандын сезимине узун баяндоолор аркылуу эмес,түз, таасирдүү, жүрөктөн-жүрөккө сингормониялык таризде өтүүчү поэтикалык ийкемдүүлүк табылган.

Лирикалык каарман сүйүүнүн илебине ай-ааламга сыйбай, жаңырыкка айланат: сүйүү – бул жашоо, бардыгы сүйүүдөн жаралат, асылдыктар, сулуулуктар, күн, ай, аалам, жылдыз, жыпар гүлдөр, өмүрлөр, аталык-энелик-бардыгы сүйүүдөн деп дүйнөнү жаңыртып, жүрөгү менен жар салат:

Көргүм келбейт көөдөндү жел оозду,
Сүйүү жок деп заманга таш ыргыткан.
Мен түкүрдүм бейишиң, тозогуңду,
Сүйүп алып,
Сүйүүгө чаңкап жатам... [5, 53]

Акын бүткүл дүйнөнү сүйүүнүн алкагына бириктирет, бүт аалам көрүнүштөрү-ай, асман, күн жылдыз, тоолор, булуттар, шаар, табият гиперболизацияланат, лирикалык каарман менен символикалуу катышта тургузуп, ички гармонияны берет.

Аэропорт ээн калды,
көккө сиңип жок болду карлыгачым,
Булуттар,
бергилечи жалжалымды,
Кадимкидей термелип шыңгырасын...[5, 58]

«Мейкиндикке сыйбаган көк желе» менен «Останкино, мен адашкан от» поэмалары ашыктык темасына арналып, үстүрттөн караган адамга ошол аруу сезим алып келген кайгы-муң баяндалгандай көрүнүшү мүмкүн, бирок поэманын жалпы тону лирикалык каармандын оптимистик маанайынан кабар берип турат. Окуянын финалында лирикалык каарман сүйүүдөн жер кезип кеткен дербиш сымал сүйгөн кызын издеп келет. Эшигинде туруп өчпөгөн сүйүүсүн сунат:

Жаркыным,
Келдим сенин эшигиңе.
Чык бери,
Колуңду узат,
Жылмайып кой.
Мен деле өлө турган жалгыз пенде
Өтүүчү бул дүйнөгө түрүкү болбой.[9, 43]

Акындын эркин ыр формасында жараткан экинчи бир поэмасы- «Останкино, мен, адашкан от». Чыгарма «Мейкиндикке сыйбаган көк желе» поэмасынын мотивин улантат, ал философиялык- ашыктык ой-толгоолордон туруп, лирикалык маанайда жазылган. Белгилүү бир деңгээлде эки поэманын сюжеттик курулушу да окшош. Лирикалык каармандын айылдан шаарга келип, шаар турмушу менен аралашуусу, шаардык кызды сүйүп калышы, бирок ал кыздын башка бирөөгө кетип калышы мында да кайталанат. Мындай окшоштук болгону менен, чыгармадагы композициялык формалар, сүрөтөөнүн ыкмалары бир топ айырмаланып, көркөмдүк эстетикалык жагдайлары жагынан өзгөчөлөнүп турат. «Мейкиндикке сыбаган көк желе» поэмасы лирикалык каармандын оптимистик маанайынан

кабар берип, бул турмушта анын өз нугу, өз жолу бар экенин билдирип турса, ал эми «Останкино, мен, адашкан от» поэмасында лирикалык каармандын бул маанайы андан да ачык көрүнүп, анын ички дүйнөсүнүн аруулугунан кабар болобуз. Мүнөз ачууда бул эки поэма бирин экинчиси толуктап турат. «Останкино, мен, адашкан отто каармандын ички дүйнөсү мындайча ачылат:

Салам айтып,
Күн менен кучакташам.
Туулган жердин чөбүнө,
Таштарына
Тагдырымды камырдай жууруп ийип,
Бейпил турмуш каалаймын асманына.
Теректери
Жарыша өссүн бийик![4, 68]

Чыгармада сүйүүнүн даңазаланышы кулач керип, анын катаалдыгы, өзгөрүлмөлүүлүгү, татаалдыгы, акыйкатуулугу жана улуулугу өлүм, өмүр, жашоо, тагдыр концепциялары менен жуурулуштура берилет да, сүйүүгө болгон мамиле, түшүнүктөр тереңдетилет. Муну лирикалык каармандын туулуп-өскөн айылына келгендеги абалынан даана көрүүгө болот.

Акын Э.Эрматовдун чыгармачылык арсеналындагы дагы бир поэмасы - «Кулмырза менен Ак Саткын». Акын бул кадим замандан эл оозунан түшпөй, махабатты даңазалап келген элдик оозеки чыгармачылыктагы айтылуу «Кулмырза менен Ак Саткын» дастанына кайрылган. Элдик дастанга негизделген бул поэма акындын 1982-жылы жарык көргөн «Шаар жана тоолук» аттуу ырлар жыйнагында жарыялаган. Поэма окурмандар журтчулугу тарабынан жылуу кабылданганы менен, адабий сын жаатында али калыс баасын ала элек. Акындын элдик дастанга кайрылып, аны бүгүнкү жазма поэзиянын стили кайра иштеп чыгуусун Э.Эрматовдун чыгармачылык жолундагы мыйзам ченемдүү көрүнүшү катары баалоого болот. Анткени элдик бай казнадагы «Олжобай менен Кишимжан», «Жаңыл Мырза», «Ак Мактым», «Ак Мөөр», «Кулмырза менен Ак Саткын» сыяктуу дастандар бүгүнкү өркүндөгөн жазма поэзиянын башаты болуу менен бирге түбөлүккө сакталуусу жана доор мүнөзүнө жараша улам жаңырып, келечек муундарга эч качан өчпөй турган руханий азык берип туруучу чыгармалар.

«Кыргыз ададбиятындагы «Ак Мөөр дастаны» ... кылымдар бою кыз-келиндердин кулагына сөйкө болуп тагылып, Мыскалдын үн-обонундай кайталанып келген, каргашалуу теңсиз замандагы кыз узап бараткандагы тартылган сүйүүнүн кайгылуу маршы...» катары жаңырып турса, «Кулмырза менен Ак Саткын» - адилетсиз замандагы сүйүүнүн трагедиясын адамдын жылаңач жүрөгүнө чок баскандай күйгүзгөн жалындуу сөздөр менен баяндалган, ошону менен бирге сүйүүнүн өлбөстүгүнүн жана түбөлүктүүлүгүнүн салтанаттуу гимни...» [10, 45] катары жашап келатканы кыргыз журтчулугуна маалым.

Чындыгында да, акын поэманы өзгөчө эргүү менен жазган. Каармандын психологиялык абалы чебер сүрөттө менен алардын ички ой-санааларын көркөм чыгылдыруу, окуялардын өнүгүшүндө контекстке аябай төп келишип турган жаштык, сүйүү жөнүндөгү лирикалык чегинүүлөр чыгарманын жалпы турпатына жакшынакай күү кошот.

Бирин-бири сүйүшкөн кыз жигиттин өрттөй жанган махабаты, алардын кырчынында кыйылган күйүт трагедиясы –акындын поэмасынын рационалдык даны. Аны жаратууга даабай, калеми такшалып, акындык таскагы чыканча күткөндүгү байкалат. Акын көңүлүнө угут болуп уюп келген дастанды жаратуу ышкысын мындайча баяндайт:

Чындык менен уламыштан уланган,
Дат баспаган ыйык сөздөн куралган.
Кол жетпеген аска болуп көрүнүп,
Өзөгүмдү өрттөп келет бул арман... [[1]0, 45]

Акын поэманы экспозициялык бөлүмүндө түштүк жергесинин эрте жаздагы кооз пейзажын тартып, ушул жолку жазда гүлдөрдүн да бир башкача көрк менен ачылганын, чыгарманын башкы каарманы Ак Саткындын бой жеткен сымбатын сүрөттөп, болочок сүйүүсүн боолготкон шартуулук менен ачып, сөз баштайт. Андан ары акын сулуунун бой жеткенин табияттын көз тойгус ажары менен айкалыштырат. Табият көркүнө шайкеш Ак Саткындын он жетиге толуп толукшуган портретин тартат.

Кырдач мурун, шыңга бойлуу кара чач,
Пери кызын элестетет бир туруп.

Көкүрөгү көзгө толуп торсоюп,
Эрктен чыгып кеткиси бар булкунуп...[10, 49]

Автор Ак Саткындын бой жетип буралган көргөн жанды кумарланткан сымбатын балалык аруу пейли, тоо булагындай шыңгыраган назик күлкүсү, кыраңдап гүл терип, суу чачышып ойногону, кээде гана «кара түтөк коюлган» капкара дүркүрөп өскөн булаң чачын карап таңыркашы анын аруу кыял сезиминде жанып келе жаткан махабат туйгусу элестүү чыгылдырылат. Бирок ошол туштагы замандын катаал мүнөзү көңүл эңсеген сүйүү кумарына оңой эле жеткире койбойт. «Ал заманда сейил куруп, көңүл ачуудан колу бошобогон Чыгыштын ынтыккан такыр баш байларынын эстетикалык идеялы күлүк ат менен сулуу кыз эле», табият сулуулук берген Ак Саткын да алардын «бутасына» илинди. Аны элүү жаштан өткөн Узакбай деген бай аялдыкка алмакка куда түшүп, энчилеп койгон. Эңсегени табылып, аны менен жоодурашып, жүрөктөрүнөн от чачышып, сүйүү илебине кумар жазып жашоону арзыган Ак Саткындын тилеги бөгөлдү. Жеңесинен болочок күйөөсү элүүдөн ашкан Узакбай экенин уккандан кийин, жашыл дүйнө астын-үстүн алмашып, уйкусу качты, өңү кубарып, өскөн үйү тузактай сезилди:

Мурдакыдай күлбөй калды Ак Саткын,
Кыздар менен жүрбөй калды Ак Саткын.
Жаздын айын кайгы менен өткөрдү,
Унуткарды шоола жибин максаттын

- деп, акын кааарманын кайылуу абалын сүрөттөйт да, ага аябай ичи ачышканын, ошол теңсиз заманга наразылыгын ачуу сезими менен билдирет.

Ичи көңдөй жүзү кара замана,
Кыз кыялын кыя басып аксаттың.

Акын Ак Саткындын сулуулугун Ноокат жергесинин табияты менен, Кулмырзанын сымбатын айтылуу Алай жергесинин бийик, шаңдуу келбети менен салыштырып ачат. Чоң Алайдын шыбак жыттуу муздак жели, алп тоолору, жазгы жайлоо, анын ырыскыга мол байлыгы, андагы сүт жыттанган жайлоо түндөрү, жумурткадай тизилип тигилген үйлөр, төрт түлүк мал, элестүү тартылат. Ошол айтылуу Алай кылаасынын жадыраган жай күндөрүндө Кулмырзанын кыл муруту кылайып, кыздардан кыз тандап жүргөн боз жигит портрети төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Ушул жазда айтылуу Чоң Алайда,
Кулмырзанын муруттары кылайып.
Он сегизге жаңы толгон жигиттин.
Турпатынан таппайт эч ким бир айып [10, 64]

Поэмада Ак Саткындын энеси, атасын Иманалы эпизоддук каарман катары катышат. Жок издеп, айыл аралап келе жаткан Кулмырза жигитти Иманалы кымыз ичип кет деп, үйүнө түшүрөт. Мына ушул жерден эки жаш жүздөшүп, даңазалуу, арты кайгылуу сүйүү башталат.

Э.Эрматов эки жаштын кездешкен жерин поэтикалык бийик даражада ачып бере алган. Автордун акындык чеберчилигинин бир ийгилиги мына ушул эпизоддо даана көрүнгөн десек болот. Бирин-бири самап издеп жүргөн, али бейтааныш эки жаштын жүрөк кагышы, көздөрүнүн чагылышы. Экөөнүн бири-бирине жакындашкан ар бир кадамы не деген керемет сүрөттөө менен тартылат:

Көз караштар аруулашты, кармашты,
Бири-бирине аёосу жок жармашты.
Жалдырашты суранышты жансоога,
Же жеңилүү, же жеңүү жолун тандашты [10, 65].

Ак Саткын ченемсиз бактылуу ирмемде сүйгөн жигитинин кучагына толгонот. Өрт болуп жанып, сүйүүгө, анын кудуретине кайыл болгон Мырза жигит сүйүү жөнүндө мындай сөздөрдү айтат:

Сүйүү деген ушундайбы ташыган?
Өмүрүмдү кетсең дагы оңторуп,
Өлгүчөктү сага дегдеп ашыгам,
Аягыңа кулдук урам чөгөлөп.
Аягыңа миң мертебе баш урам...[10, 62]

Бул - Кулмырзанын бүтүмү, анын дүйнө таанымы, сүйүүнүн эмне экендигин бүт турпаты менен туюп, аны жүрөгүнө шам чырак кылып жандырууга, бийик көтөрүүгө даяр экендигинин көрүнүшү. Эки жаштын бири-бирин сүйүүгө арзый турган дереметтери автор

тарабынан жеткилең даярдалып, чыныгы махабаттын кандай болоору, кандайча өнүп, кандайча өнүгөрү таасирдүү жана ишенимдүү чагылдырылат.

Ак Саткын сүйүүнү ыйык, эң бийик туткан, анын ар кандай азабын, жүгүн көтөрүүгө кан-жаны менен даяр турган кыз, ал ушул даражага өсүп жетилди. Ага арзый турган, аны менен тең катарда туруп сүйүүнү аздектей ала турган жигит – Кулмырза. Автор анын образын да дааналап, анын кемдигин, ички дүйнөсүн Ак Саткынга шайкеш келтирип даярдайт:

Келдим мына гүлгүнүн ал өмүрдүн,
Сага жетпей, азап тартып төгүлдүм.
Кыз жолукту кымча белдүү, олоң чач,
Бирок сырын чече албады жүрөктүн...

Ошентип, эки жаштын оттой жанган сүйүү диологу поэтикалык каражаттардын көркөм касиети менен улам тереңдеп, ички назик толкундардын илебинин таасиринде ыргакталат. Ак Саткын сүйгөн жигитине бүтүн турпаты менен агылып, чыныгы бакытты, адам баласынын өмүрүндөгү эң бийик сезим насипти ыроологон тагдырына ыраазы:

Мырза сенин өрт экениң билгенмин,
Бирок мурун кол сунуудан ийmендим.
Жүрөк толкуп, коёбу деп сыр бердим,
Жолуң тоспой, үй ичинде күймөндүм.
Кайдан келдиң маани бирип өмүргө,
Кереги не, кудай, башка дүйнөңдүн!

Акын Э.Эрматов поэманы арзууланып, эңсеп жүрүп жазганы чыгарманын ар бир сабынан көрүнүп турат десек жаңылышпасак керек, 1240 сап ырдан турган бул чыгармадан ыксыз сүрөттөө, супсак уйкаштык, жасалма мүнөздөөлөр сыяктуу кемчилдиктерди табыш кыйын. Акын бул чыгармасы менен сүйүү жөнүндөгү дүйнөлүк классикалык чыгармалардын эч биринен кем калбаган махабат баянын жатата алган десек болот.

**Адабияттар:**

1. Айдаров. Ч.Петраркадай махабаттын даңазалоо // Кыргыз Туусу. 1996, 16-март.
2. Белинский В. Г. Собр.соч.в трех томах. Т.3. М.,1948.
3. Даутов К. Жаңы чектерге. Ф.: Кыргызстан, 1980.
4. Укаев К. Ыр нөшөрү.Ф.: Кыргызстан,1980.
5. Эрматов Э. Ак дил: ырлар жана поэмалар (жаштар үчүн). Ф.: Мектеп, 1979.
6. Эрматов Э. Исфайрам авазы: (ыр түрмөктөр). Бишкек, 2007.
7. Эрматов Э. Махабат: тандалма ырлар,поэмалар. Бишкек, 1995.
8. Эрматов Э. Мени издесең ырларымдан табасың: макалалар, маектер, адабий сын пикирлер. – Бишкек: Турар, 2013.
9. Эрматов Э. Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. Бишкек: Бийиктик, 2011.
10. Эрматов Э. Шаар жана тоолук: ырлар, поэмалар. Ф., 1993.

**Рецензент** – *доцент, филол. илимд. канд. Осмоналиев М.*